**Сабитакун Жусупбаев атындагы орто мектебинин педагогикалык кеңешинин № 1 токтому**

8- сентябрь 2021- жыл Жаңы- Тилек айылы

Катышкандар:

педагогикалык кеңештин төрайымы: М.Кудайбергенова

катчы: Д.Эсенбекова

педагогикалык кызматкерлер- 20

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1.2020-2021-окуу жылынын жыйынтыгы, жайкы ремонт боюнча маалымат берүү.

2.2021-2022- окуу жылына карата милдеттер жана 2021-2022- окуу жылынын иш планын бекитүү.

3.2021-2022-окуу жылына карата иш бөлүштүрүү,2021-2022- окуу жылына карата Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-жылынын 28-майындагы № 869/1 буйругун аткарууга алуу.

4.Ар кандай маселелер: 5-7-8-9-11-класстарга класс жетекчилерди дайындоо.

**Күн тартибинде каралуучу биринчи маселе:** 2021-2022- окуу жылынын жыйынтыгы,жайкы ремонт боюнча директор Кудайбергенова Мээримдин билдирүүсү:

Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер,ден соолугунуздар жакшыбы жакшы эс алып келдиниздерби.Өзүнүздөргө белгилүү болгондой директор Чырмыев Мирбек ротация болгондуктан , директорлук кызматына дайындалдым.Буйруса жакшы иштерди көрсөтүүгө болгон аракетимди жумшайм.Бирок «Жалгыз дарак бак болбойт»деген улуу сөз бар эмеспи,баарыбыз жалпы жакшы иштейли. 2021-2022-окуу жылы жакшы жыйынтык болгон жок .Олимпиададан да орунга чыга алган жокпуз.ЖРТ боюнча да жогорку балл 130 га эле жетти.Баланын саны аз деп эле жүрө бербей,жакшылап билим сапатын караныздар ,окуучуларды олимпиадага эртелеп даярдатыныздар.Ар бир предмет олимпиаданын даярдыгын күчөтүнүздөр.Окуучулардын даярдыгы жакшы болсо эле жыйынтык чыгат,ар кандай шылтоону токтоткула ,былтыркыдай химия,информатика предметинен окуучу барбай калбасын.Тилек эже окуучуну химиядан эрте даярданыз.Жакшы окуган окуучулар жок болуп атат деген шылтоону токтотунуз.Жалил информатикадан былтыр окуучун башка предметке кетип калды деп олимпиадага окуучу барбай калган,быйыл жакшылап даярданчы.Жаш мугалимсин ,талыкпай иштей турчу убагын ,информатикадан Ак-Чийден окуучу чыгып атат.Сенде деле ошол мүмкүнчүлүк бар да.Үй жумушун токтот да иште,жыйынтык чыгарганга болгон аракетинди жумша.Намыстанып иштейли эже-агайлар.Балдардын убалына калбайлы.

2020-2021 окуу жылынын жыйынтыгы жайкы ремонт боюнча маалымат берели. Мектептин жалпы аянты 928 кв.метрди түзөт. Мектеп жалпы 43 400

миң сомго ремонт жасалды. Мамлекет тарабынан 8 200 сом акча каражаты бөлүндү.

Чырмыев Мирбек 30000 сом мектептин көмөкчү чарбасынан беребиз деп айыл өкмөттөн акча бөлдүрүп алган экен,бирок быйыл чоп бир эле чабылып жер дагы арык болгондуктан 18000 мин сом эле болуп калды көмөкчү чарбанын чөбү.Азыркы убакта сыр алган магазинге акчабызды толоп бердик 20000мин сом . Ак-Чий айылдык кенешинин тарабынан 110 миң сомго интерактивдик доска алынды эле азыркыга чейин иштете албай атабыз.Тендер менен келген эле .Замандын талабына ылайык ар кандай платформаларды колдонуп сабак өтүүгө жакшы болот эле,быйылкы окуу жылында иштетүүгө аракет кылалы.Жалил информатик катары досканы иштетүүгө болгон аракетинди жумша. Жайкы ремонт боюнча суроолоруңуздар болсо бериңиздер жооп берели.

Орус тили сабагынын мугалими Турсунова Жылдыздын сөзү; Быйылкы ремонт жакшы болуптур,класстардын сыры да жакшы сырдалыптыр,сырдын өңү да жакшы экен.Быйыл буюрса ремонттон да байге алалы. Билим берүү жана райондук мамлекеттик администрациясы тарабынан өкүлдөр келип жакшы деп кетишти.

**Күн тартибинде каралуучу экинчи маселе**: 2021-2022- окуу жылына карата милдеттер боюнча директор Кудайбергенова Мээримдин билдирүүсү:

С.Жусупбаев атындагы орто мектебинин **күчтүү жактары:**

- Мектептин техникалык базасы- жакшы:
- Тажрыйбалуу, чыгармачыл мугалимдер бар:
- Окуу куралдарынын жетиштүүлүгү:
- Окууга шарттын толук түзүлгөндүгү:
- Сабактар предметине жараша өз кабинеттеринде өтүлөт:
- Уюштуруу иштеринин өз деңгээлинде жүргүзүлүшү:
- Кол өнөрчүлүк устакана, спорттук зал, информатика, лингафон кабинеттери,жогорку ылдамдыктагы интернет бар.

**Мүмкүнчүлүктөрү:**

- Максатты окуучунун позициясына багыттап коюу менен окуучулардын сабакка болгон кызыгууларын арттыруу:
- Ата-энелер менен мектептин байланышын жакшыртуу:
- Сабагынан жетишпеген окуучулардын билим сапатын мүмкүнчүлүктөрүнө жараша көтөрүү:
- Окуучулардын чыныгы билим сапатын аныктоо менен ишти алып баруу:
- Мугалимдердин билимин, чеберчилигин жогорулатуу:
- Пландарды биргелешип, иштеп чыгуу:
- Мугалим өз предметин тереңдетип окуп, күн сайын изденүүсү :
- Олимпиадаларга окуучуларды даярдоо :
- Республикалык жалпы тестирлөөгө бүтүрүүчүлөрдү даярдоо:

**Алсыз жактары:**

- Окуучунун жеке кызыкчылыгы эске алынбайт:

- Окуучулардын сабактан калуусу :
- Ата-эненин баланын билим алуусуна болгон кайдыгерлиги :
- Спорттук инвентарлардын жетишсиздиги :
- Жалпы окуучулардын билим сапатынын көрсөткүчүнүн формалдуу болушу:
- Мугалимдердин кээ бир учурдагы кайдыгерлиги:
- Кыш мезгилинде мектептин жылуулук системасынын начардыгы :
- Башталгыч класстарга окуу куралдардын жетишсиздиги:
-Акы төлөнүүчү жана предметтик кружоктордун өз учурунда жоопкерчиликтүү өтүлбөгөнү :
- Жаш кадрлардын сырттан окуусу :
- Насаатчылык иштердин жакшы жүргүзүлбөгөнү :
- Жаш кадрлардын ишке болгон жоопкерчилигинин аздыгы :
- Олимпиадаларга болгон даярдыктын аздыгы :
- Республикалык жалпы тестирлөөдөн бүтүрүүчүлөрдүн жогорку баллдарды ала албаганы:

**Коркунучтар:**

- Интернет байланышынын тийгизген терс таасиринин кесепетинен окуучулардын сабак окууга болгон кызыгууларынын төмөндөшү :
- Баланы бир нерсеге кызыктыруунун кыйындашы :
- Ата-эненин мектеп менен байланышынын аздыгы :
- Окуучулардын санынын азайышы:
- Окуучунун билимин баалоодогу формалдуулуктун өкүм сүрүшү:
- Мугалимдердин билим сапатка эмес, саатка, ставкага, сыйлыкка басым жасоосу:

**Көйгөйлөр:**

1.Окуучулардын билим алууга болгон кызыгуусунун төмөндөшү:
2.Мугалимдердин кайдыгерлиги, изденүүчүлүк, чыгармачылыктын жетишсиздиги,жоопкерчилигинин аздыгы:
3.Методикалык усулдарды жайылтуунун аздыгы:(иш тажрыйба,семинар,тренинг)
4.Окутуудагы окуучунун жыйынтык көрсөткүчүнүн төмөндүгү:
5.Окуучунун жетишкендиктерин баалоо техникасынын жетишсиздиги:
6.Ата-энелердин мектеп турмушуна, окуучунун билим алуусуна кайдыгер мамиледе болуусу:
7.Милдеттердин так аткарылбай, кагаз жүзүндо калышы:
8.Ар кандай иш чараларды аткарууда акча каражатынын тартыштыгы :

**Максаты:**

-Сапаттуу билим жана татыктуу тарбия берүү:
-Окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин 5 % га жогорулатуу, заманбап окутуунун талаптарына ылайык окутууну ишке ашыруу:
-Ата -энелерди жана коомчулуктун өкүлдөрүн мектепке тартуу, биргелешип иштөөгө шарт түзүү:

**Күтүлүүчү натыйжалар**

-Сапаттуу билимге жана татыктуу тарбияга ээ болушат:

-Социалдык- экономикалык кырдаалга ыңгайлашып кете алуучу, сапаттуу билимге ээ болгон, өмүр бою өзүн-өзү өнүктүрүүгө муктаж жана өз мекенинин татыктуу атуулу болууга умтулган бүтүрүүчүлөрдү, инсандарды даярдоого аракеттер көрүлөт:

-Окуучулардын окуудагы жетишендиктери 5 % га чейин жогорулайт:

-Ата-энелердин мектеп менен болгон байланышы жакшырат:

**Милдеттери:**

1. Мамлекеттик стандартка ылайык окуу тарбия программаларынын аткарылышы:
2. Билим сапатын жакшыртуу, интеллектуалдык көндүмдөрүн жогорулатуу:
3. Окуучулардын коомдо талап кылынуучу эң жөнөкөй көндүмдөрүн калыптандыруу:
4. Жаш кадрлар менен иштөө, насаатчылык кылуу:
5. Методикалык устаканаларды жеринде өткөрүү, мугалимдердин билимин жогорулатуу:
6. Жетишкендиктерди көзөмөлдөө:
7. Методикалык бирикмелер менен иш жүргүзүү:
8. Мектепке тиешелүү иш кагаздарынын туура, так жүргүзүлүшүнө жетишүү:
9. Ата- энелерди, коомчулукту мектеп турмушуна аралаштыруу:
10. Мектеп ашканасын жаңы жабдыктар менен камсыз кылуу:

**Күн тартибинде каралуучу үчүнчү маселе:** 2021-2022- окуу жылына карата Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-жылынын 28-майындагы № 869/1 буйругун аткарууга алып,мугалимдердин жумалык жүктөмүн бөлүштүрүү.

Бөлүштүрүү боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы Рысбекова Гүлбарчындын билдирүүсү:

Мектептеги предметтик мугалимдерге төмөнкүдөй жумалык сааттар бөлүндү жана ар бир предметтик мугалимдерге өз адистиги менен предметтик саттар берилди.

1. Кудайбергенова М. 9 саат орус тили,1ставка директор
2. Рысбекова Г. 15 саат математика жана геометрия , 0,5 ставка окуу завуч
3. Доктурбек уулу Улан – 20 саат тарых,0,25 уюштуруучу
4. Эсенбекова Д.-17 саат кыргыз тили жана адабияты,0,25 ставка соц педагог
5. Керменова Ч.- 24 саат англис тили
6. Сатыбалдиева Т- 18 саат химия жана биология
7. Койчуманова А.- 23 саат кыргыз тили жана адабият
8. Калпаев -15 саат кол эмгек
9. Токтокуев – 6 саат информатика жана 0,5 кружок
10. Болжуров- 26 саат дене тарбия,АЧД жана 0,25 кружок
11. Таалиева Г.- 13 саат физика жана 0,25 лабораториясы менен
12. Турсунова Ж.– 24 саат орус тили жана адабияты

13. Мурзабекова Н.-12 саат 1-класс,4 саат музыка
14. Касманбетова Ф- 14 саат 2-класс,
15. Сагындыкова А. - 14 саат 3-класс
16. Сайнилова- 480 даярдоо ,7саат музыка
17. Токтобекова Р.- 15 саат 4-класс
18. Сапаңова А.-14 саат математика жана геометрия
19. Базаркулова С.-10 саат география
20. Турдалиева А.- китепканачы

**Акы төлөнүүчү кружокторy төмөнкү предметтерден берилсин;**

1.Болжуров Эсенбек .Дене тарбия кружогу-0,25
2.Токтокуев Жалил .Информатика кружогу-0,25
3.Сайнилова Айгерим .Музыка кружогу -0,25

**Чеберчилик төмөнкү мугалимдерге** : 34 саат
М.Кудайбергенова 2саат А.Койчуманова 2 саат,Г.Рысбекова 1 саат , Ч.Керменова 2 саат,Т.Сатыбалдиева 1 саат,Н.Калпаев 2 саат,Ж. Токтокуев 2 саат, Э.Болжуров 2 саат,Г.Таалиева 2 саат,Ж.Турсунова 2 саат,Н.Мурзабекова 2 саат,Ф.Касманбетова 2саат А.Сагындыкова 2 саат, А.Сайнилова 2 саат , Доктурбек уулу Улан 2 саат Р.Токтобекова 2 саат ,Д.Эсенбекова 2 саат, А.Сапаңова 2 саат ,С.Базаркуловага 2 саат жүктөлсүн.

**5.Мет бирикме жетекчилери төмөнкү мугалимдерге жүктөлсүн: 6 саат**
Башталгыч класстардын методикалык бирикме жетекчиси- Касманбетова.Ф 2 саат. Гуманитардык методикалык бирикме жетекчиси- Ч.Керменовага 2 саат.
Табигый илимдердин методикалык бирикме жетекчиси-А.Сапаңова 2 саат.
6. **Класс жетекчилик төмөнкү мугалимдерге жүктөлсүн: 44 саат**
А.Сапаңовага 4 саат, 4 саат,С.Базаркулоага 4 саат, Ж.Турсуновага 4 саат, А.Сагындыковага 4 саат,А.Койчумановага 4 саат, Токтокуев .Ж 4 саат, Р. Токтобековага 4 саат, Ф.Касманбетовага 4 саат,Д.Эсенбековага 4 саат,Г.Таалиевага 4 саат Н. Мурзабековага 4 саат жүктөлсүн.
**Күн тартибинде каралуучу төртүнчү маселе:**
Ар кандай маселелер. 5-7-8-9-класстарга класс жетекчилерди дайындоо.
Мектептин уюштуруучусу Доктурбек уулу Уландын билдирүүсү:
Жолдош мугалимдер өзүнүздөргө белгилүү болгондой 5-7-8-9-класстардын мурдагы класс жетекчилери декреттик отпускадан келгендигине байланыштуу жаны класс жетекчилерди дайындашыбыз керек.Сиздердин ойду угалы.

Математика сабагынын мугалими Сапанова Аксананын сөзү; 5-классты мага бергиле мен класс жетекчи болуп берейин.
7-классты кимге берели класстарды агайлар алса жакшы болмок анткени эркек балдары көп.

Физика сабагынын мугалими Таалиева Гулбарчындын сөзү: 7-классты мага бергиле. Класс менен жакшы иш алып барам.
География сабагынын мугалими Базаркулова Саадаттын сөзү;8-классты мен алайын өзүмдүн классым болчу көнүп калгам. Кыргыз тили сабагынын мугалими Эсенбекованын сөзү: 9-классты өзүм алам менин классым болчу.
Уюштуруучу Доктурбек уулу Уландын сөзү; Жакшы болду класстардын катышын тартибин карап бериңиздер. Окуу китептерин таратып бүтүңүздөр.Сиздерге ишенем.Окуу жылы 15-сентябрда башталат,жылдагыдай эле класстык сааттар өтүлөт.Темаларын алгансыздар,дагы кенири маалымат берем.Окуучуларга обходко чыгып катышты караныздар ,бир дагы окуучу сабакка тартылбай калбасын.

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап педагогикалык кеңеш

**чечим** кылат.

1.2020-2021- окуу жылынын жыйынтыгы канаттандыраарлык деп табылсын, жайкы ремонт боюнча иштер “жакшы” деп белгиленсин.
2. Жайкы ремонтко катышкан мугалимдердин жана техникалык персоналдардын иштери мактоого алынаарлык деп белгиленсин.
3. 2021-2022- окуу жылына карата милдеттер,максаттар жана иш план туралуу кеңири маалымат берилсин жана талкууланып, педагогикалык кеңештин макулдугу менен бекитилсин.
4.2021-2022- окуу жылына карата иш бөлүштүрүүдө Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-жылдын 28-майындагы № 869/1 буйругу аткарууга алынып,предметтик мугалимдерге жумалык сааттар калыстык менен бөлүнсүн.
5. Ар бир предметтик мугалимдерге өз адистиги менен предметтик сааттар берилсин.Бийик тоо коэффицентинин аздыгы, райондун алыстыгы эске алынсын.
6. 5-класс А.Сапановага ,7-класс Г.Таалиевага ,8-класс С. Базаркуловага 9-класска Д.Эсенбековаларга класс жетекчилик бекитилсин.
7.5-7-8-9-класстын катышын ,тартип тазалыгын көзөмөлдөө жагы жогорудагы дайындалган класс жетекчилерге милдеттендирилсин.

Педагогикалык
кеңештин төрайымы: Кудайбергенова М.Ш
катчы: Эсенбекова Д.Э